Исхак Раззаков



# 100 НАСААТ



(1910.25.10 – 1979.19.03)

*«Мен эмне иштеп, эмне бүтүрдүм?*
*Ким үчүн эмгек кылдым?*
*Эл калыс!..»*

Улуу инсан, кеменгер – көсөм Исхак РАЗЗАКОВ дун «Күндөлүктөрүндө» калтырган асыл ойлору бир гана кыргыз калкынын эмес, бүтүндөй адамзат ааламынын аруу, баа жеткис мурастарына айланып барууда.

Атабыздын 100 жылдык маарекесинде жарык көргөн «100 насаат» аталыштагы тунук ойлору, 105 жылдык маарекесин утурлай Лейлек райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы – аким Тилеберди Турдалиевич АРИПОВДУН колдоосу менен кайрадан басылууда.

xxx

*Китептин кайра басылуусунун жооптуу редактору Т. Жороев*

xxx

Исхак РАЗЗАКОВ

# 100 НАСААТ

**Мукталы Аманов:**

- Исхак Раззакович өзү көтөргөн азаматтарынын кур жалаа, ушагынан ачык шатырата жааган жамгырга эмес, бүркөлүп, созулуп, кишини эзип жааган дудук жаанга калды.

# ИСХАК РАЗЗАКОВДОН ЖҮЗ НАСААТ

1

... Коом деген сени менен мен.

...Сен ак болсоң, мен ак болсом, коом да таза болот

2

... Намыстуу болсоң, жеңишиң арбын болот.

3

... Кимде-ким өз бактысын өз колу менен жасап алса, ал чыныгы эрдик, бакыт. Ал эми бирөөлөрдүн жардамы менен бакытка жеткен чыныгы кордук

4

... Китептен үйрөн, китеп акылдуу.

Акылдуу китептерди акылман адамдар жазышат...

5

Бай жашоого болот, бирок өрнөктүү жашоо кыйын.

6

... Мен эмне иштеп, эмне бүтүрдүм? Ким үчүн эмгек кылдым?

Эл калыс...

7

Ата Журтум – алтын бешигим...

8

Тагдырды болжоп болбойт тура... Бир жерде туулсаң, башка дагы бир жерде жашап калат экенсиң, ал эми дагы бир жерге көмүлгөндөр азбы?

9

Иштен качкан адам, идирексиз адам.

10

Инабаттуу өмүр сүрөм десең – иштен тажаба... Иштей бил... Иш сенин

зарылдыгың болгондо гана турмуштун өтөлүнө чыга жашайсың...

11

... Жалкоолор эки жолу өлүшөт: уктай беришип бир өлүшөт, чындап өлгөндө бир өлүшөт...

12

... Жакшы кызматкер болсоң да өзүңө, жаман кызматкер болсоң да өзүңө. Бирок жаман кызматкер болсоң зыяның элге тиер...

13

... Калыс кызматкер болом десең кек сактаба, айкел бол...

14

... Кадрлар – мамлекеттик жетекчиликтин чечүүчү күчү...

15

... Эгерде биз өнүгүүнү, алга карай жылууну кааласак, анда кемчиликтерибиздин жана жаңылыштыктарыбыздын бетин ачуубуз керек.

16

... Иштти акыл менен иште, эгерим сезимге жеңдирбе. Алданып каласың...

17

Касташуудан кач, бирок калыстыктан тайба.

18

... Идиректүү адамдан жардамыңды аяба. Алар кийин иш билги болуп чыгышат...

19

... Уйку таттуу, эмгек андан да ширин.

20

... Туулдуң - өлдүң. Өлбөй калуунун жолу барбы? Ал – эмгек ...

21

... Кемчиликтерди айта бербей, аны оңдоонун жолун айтканыбыз оң болоор.

22

... Биреөлердүн күчтүүлүгүнөн коркпо, өзүңдүн чабалдыгыңдан корк.

23

... Өмүр өжөр, а өлүм тажаал.

24

... Ак иштеген адам акыры жамандык көрбөйт.

25

... Эр достугу эгиз, эл достугу деңиз.

26

... Ак ийилет, бирок сынбайт.

27

... Бүгүн бүткөрүүгө мүмкүн болбой турган ишти эртең бүткөрүү үчүн аны дал бүгүн пландаштырып, бүгүн ойлонуу зарыл

28

... Балалуу болуу бакыт, а неберелүү болуу – бакыттан да чоң ырыс.

29

... Жалаң гана кемчиликтерди санап айта берүү – кыйын абалдан чыгуунун жолу эмес.

30

... Биз ишибизде кетирген кемчиликтердин бардыгын мурдагы жетекчилерге оодара салууга укугубуз барбы?

31

...Тууган-урук керек. Сыйлоо, жардам берүү парыз. Антпесең журттан чыгып каласың. Бирок, ойлонуп сыйла, акылың, кеңешиң менен жардам бер, эмгекке шилте. Бул туугандыктагы эң бир туура жол...

32

... Өлүмдү ойлогондо өмүр дегениң ушунчалык таттуу болуп кетет, чексиз жашагың келет экен. А ойлобоюн десең оңбогон оору өзүн эстеткени-эстеткен.

33

... Мен жетим балдар үйүндө тарбияланганмын. Мен тажикмин да, өзбекмин да, кыргызмын да.

34

... Чексиз мактоо – даңкка зыян келтирет.

35

... Эмгек бар жерде жылыш бар, жылыш бар жерде ырыс бар.

36

... Эмгектин деңгээлин мезгил тастыктайт.

37

... Эмгекчинин үзүрү – байлык,

Билимдүүнүн пикири – байлык.

38

... Пакиза, таза жүрүп, адилет болсоң, эки дүйнөң бейиш.

39

... Мекендин бактысы – өмүрдөн кымбат.

40

... Жакшы эр – эли менен, жер - кени менен.

41

... Кишидеги эң өксүк нерсе- эненин мээримине тойбой калгандык.

42

... Бүркүт да боздойт тура.

43

... Биринчи кезекте - биринчи жетекчилер таза болушу лаазым.

44

... Китеп – белек бермети. Белекке берилген китепти сөзсүз окуу керек.

45

... Адамды кемчилик менен артыкчылык коштоп жүрөт. Муну дайым тандай бил.

46

... Мен үчүн дүйнөдөгү эң сулуу, эң сүйүктүү жер – киндик каным тамган жер.

47

... Беттегенин бербеген – бек, шерттегенин бербеген – шер.

48

... Эмгек гана адамды түбөлүкке жашатат.

49

... Бүтүндөй элди улутчул деген туура эмес.

50

... Жердин жытынан өткөн жагымдуу жытка туш келбедим.

51

... Жумушчулар, инженер-техникалык кызматкерлер – булар биздин коомубуздун гүлү, букети, бурулуш жасоочу күчү.

52

... Өзүң жаңыны жарата албасаң, башкалардан үйрөнүүдөн уялба.

53

... Экономика жана дагы бир жолу экономика.

54

... Биз, эркектер зайыптарга мээримдүүлүк жагынан эч качан теңеле албайбыз.

55

... Мүмкүн мен өз энемди көрбөй, балдар үйүндө чоңойгонумдан болсо керек. Мен аялзатынан биринчи кезекте энеликти көрөмүн.

56

... Эң башкысы эч качан, ар кандай шартта болбосун капалануууга, бук болууга жол бербөө, күч жыйнап ишке кирүү абзел.

57

... Баланы адабиятка кызыктыруу эч качан эрте болгон эмес.

58

... Кагылайын тууган жер, бармактайымдан жетим калып, башка эл, бөтөн жерде жүрүп, акыры энемди тапкандай, өзүңдү таап келдим эле. Колумдан келишинче иштедим. Баары ойдогудай болбой калса кечир мени. Мен сени кайра көрөмбү? Көрсөм качан көрөм?

59

... Биздин муунга капсалаңдуу, оор учур туш болду. Буга мүңкүрөп, моюн сунбастан чыдап, мезгилдин духуна ылайык жеңиштин пайдубалына кыш кыноону ар бир эмгек жамаатта -

кыштакта жана шаарда кура баштаганыбыз зарыл.

60

... Бүгүнкү студенттер - бул биздин эртеңки педагогубуз, агрономубуз, зоотехнигибиз, врачыбыз, маданияттын жүгүн көтөргөн азаматтарыбыз.

61

... Дүйнөдө биздин энелердин колунан бышкан нандардан башка даамдуу оокат болбосо керек.

62

... Чындап сүйө албагандарды мен аяймын, алар миззантроп, дүйнөсү

жарды. Анткени алар бул ажайып сонундуктан куржалак калышкан.

63

... Мен капастагы кушмун.

Өзбекстан, Кыргызстанга баргым келет, эски досторума жолугуп чер жазышкым келет. Бирок бул мүмкүн эмес. Уруксат керек.

64

... Саякбай – XX кылымдын Гомери, ооба тирүү Гомери.

65

... Кыргызды бирдиктүү эл деп эле жүрүпмүн. Көрсө биз уруу-урууга, жаат-жаатка бөлүнүп, ал гана эмес – улуу Манасты да кейитип келген турбайбызбы. Бул улуттук трагедия!

66

... Сталин адам менен сүйлөшкөндө аңгемелешип жаткан адамын карабаска аракет кылат экен. Буга чейинки жана азыркы атагы ааламга аттын кашкасындай таанымал болгон көпчүлүк залкар адамдардын баары ушинтишет экен.

Муну мен Сталинден да байкадым.

67

... Биз баарыбыз адамбыз, өзүбүздүн жерибизди, эне тилибизди сүйөбүз. Андан уялбашыбыз, тартынбашыбыз керек.

68

... Ынтымак, биримдик биринчи кезекте жетекчилерден башталышы керек.

69

... Орустар да, алардан башка элүүдөн ашык улуттардын өкүлдөрү да бизде жашашат. А эмне, аларга

жергиликтүү элдин тилин билишсе жаман болот бекен?

70

... Бир уйдун жеген чөбү менен бери эле дегенде он-он беш эчкини бакса болот. Ал эми ангор тукумундагы кичинекей эле эчкинин өзү бир уйдун сүтүн берет,  аны менен бир үй-бүлөнү бакса болот. Жөнөкөй гана арифметика, үй-бүлөлүк экономика. Эчкинин сүтү бала эмизген эненин сүтүнө аябай окшош, бул илимий жактан далилденген чындык.

71

... Эң негизгиси көчөлөр түп-түз, кенен болууга тийиш. Машина жүргөндө да, адамдар басып турганда да ыңгайлуу, кооз болсун.

72

... Жакшы жетекчи болоордон мурда ал жакшы адам болууга тийиш.

73

... Ар бир адам, ал жетекчи болобу, карапайым жумушчу болобу, баары бир ал жан дүйнөсүндө акын.

74

... Аткан таңдын батмайы бар.

Түбөлүк турган эч нерсе болбойт.

75

... Руху бузулган адам гана арам ишке, кылмышка барат.

76

... Турмуштун ачуу-таттуусуна бышкан адамдан жакшы инсан чыгат.

77

... Бирдемелерди иштеп жаткан киши болуп көрүнүүгө аракет кылуучу жана

көз боемочулук менен мамлекетти алдоонун жолуна түшүп кетүүчү жетекчилер өтө коркунучтуу.

78

... Коомдун өнүгүшү үчүн анын калкынын жашоо-турмушуна гүлдөп-өсүшү үчүн биринчи башчы ууру, шумпай болсо калган жетекчилер аны туурап, өлкөнүн мүлкүн туш тараптан талап-тоноору айдан ачык. Анда элдин шору, эл кыйналат, эл чачылат.

79

... Элет адамдарын өзгөчө кастарлайм, алар менен аңгемелешкенди жакшы көрөм. Алар

жерге жакын, жердин тамырын тартып, жер менен сүйлөшүп, сыр бөлүшкөндөй мага туюлат.

80

... Чыныгы патриот өз элинин аброюн дүйнөлүк масштабга көтөрүү үчүн эмгектенет.

81

... Шашкалактык, кайдыгерлик – менин душманым.

82

... Кыргызды бөлгөн оңбосун, душманы аны кордосун, бизди дайыма элибиздин биримдиги колдосун!

83

... Биз, кыргыздар, үнөмдөөнү, сарамжалды билбейбиз, ал үчүн күрөшүү – биздин милдет.

84

... Адам байлыгынын чени – илим.

85

... Эл мени дайыма ак эмгегимден эскерип жүрсө, мага ошол байлык, дөөлөт, ырыскы.

86

... Өсүп келе жаткан муундардын, бардыгыбыздын келечегибиз үчүн ишти

басмакана имаратын куруудан баштайбыз.

87

... Эх, сагындым, садагам Кыргыз элимди!

88

... Балдардан эч нерсени аябоо керек. Анткени, келечегибиз ушул балдардын колунда.

89

... Бул дүйнөгө мен жылаңач бойдон келгем, ошол бойдон кетемин, мага малдын да, толгон байлыктын да кереги

жок. Элим үчүн эмгегим гана калса болду. Ошого ыраазымын.

90

... Жаштарга кайрылып айтаарым: китепти сүйгүлө, тилди үйрөнгүлө!

91

... Кыргыз эли – бир эл, бүтүн эл.

Кыргызды бөлгөн жакшылык көрбөйт.

92

... Билимге суусаган элибиз үчүн окуу жайларды дагы көбүрөөк ачышыбыз

керек. Элдин улуу байлыгы – билимдүүлүк.

93

... Жолугуша турган жамаатта кайсы элдин өкүлдөрү көбүрөөк болсо, ошолордун тилинде сүйлөшүүбүз абзел. Элибиздин достугун биз чакырыктар, үгүттөөлөр менен эмес, ушундай аракеттерибиз менен бекемдөөгө тийишпиз.

94

... Даамдуу тамак – жүрөгү таза, колу алтын, алган жарын бапестеп сыйласам деген аял затынын колунан гана жасалат.

95

Штраустун «Вена токою женүндө жомок» деген музыкасын угуп олтурдум. Укмуш чыгарма! Эгер Штраус биздин Арстанбап токоюнда болсо мындан да мыкты, мындан да залкар симфония жаратар беле...

Биздин токойлорубуздун симфониясы мындан да назик, ал тургай мындан да ажайып.

96

... Аз чыгаша жумшап – көп пайда табууга үйрөн.

97

... Мен энемди эстегенде балдар үйүндөгү Хадича апабызды ойлоймун да энемди элестетер элем, өз энеме эркелегендей эркелеп, эрееркеп кетер элем.

98

... Менин жан дүйнөм – архитектордун дүйнөсү, бала кезимде архитектор болууну аябай эңсечүмүн.

99

... Биздин жер – чындыгында эле бейиш. Анын баркына жетип, ар бирибиз кулпуртуп күтүшүбүз лаазым.

... Өлгөнүмдө өзүмдүн Ата-Журтумдун топурагы буюруса экен. Москвада көмүлсөм кандай гана кейиштүү... Жок, мен сезип турам, албетте ошондой болот!...

МАЗМУНУ

ИСХАК РАЗЗАКОВДОН 100 НАСААТ ...............3

Редактору:  А. Дооров
Корректору: А. Түгөлбаева
Тех. Редактору: К. Калбаев
Компьютердик калыпка салган С. Карагулова

Терүүгө 22.04 2015 Басууга 16.08.15 кол коюлду
Китептин форматы  60x84 Көлөмү 2,75  басма табак.
Нускасы 500

ЖЧК «Кагаз Ресурстары» басмаканасында
Офсеттик ыкма менен басылды
Ош шаары, А.Мамыров, кечесу 86/г
Тел: (3222) 4 69 16
e-mail: kagaz_resurstary@bk.ru